КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАК
КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ №58/X-27

29-январь 2018-жыл

Кенеш а.

**Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн 2018-жылга карата бюджетин бекитүү, 2019-2020 жылдар боюнча божомол берүү жана 2017-жылдын бюджетинин аткарылышы тууралуу отчёту жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102-беренесинин негизинде каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Д.О. Эгемкулованын «2018-жылга карата бюджеттин киреше, эсеп-кысап бөлүгүн бекитүү жөнүндө, 2019-2020 жылдар боюнча бюджетке божомол берүү жөнүндө жана 2017-жылдын бюджетинин аткарылышы тууралуу отчёту жөнүндө» маалыматын угуп жана талкуулап чыгып,
Кочкорбаев айылдык кенеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2017-жылдын бюджетинин кирешелер боюнча 13794,1 миң сом жана чыгашалар боюнча 13991,1 миң сом болуп аткарылышы тууралуу Кочкорбаев айыл өкмөтү тарабынан берилген отчёт бекитилсин.
2. 2018-жылга карата кирешелер жана чыгашалар боюнча 10116,0 миң сом суммадагы бюджет бекитилсин. 2018-жылга карата жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү киреше булактарынан келип түшүүлөрдүн эсебинен калыптанат.
3. Кыргыз Республикасынын 18.10.2017-жылы жарыяланган №08-1-2/11574 «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин иш аракетке киргизүү» Мыйзамына ылайык 2018-жылга карата кирешеге карата салыктын мерчемдик келип түшүүчү төлөмдөрүнүн ченемдеринин салык агенттери тарабынан төлөнүшү төмөнкүдөй болуп бекитилсин: Ысык-Ата райондук бюджетине 50% көлөмүндө, сатуулардан түшкөн салык – 50%, жер байлыктарын пайдалануудан түшкөн салык 560%, административдик жазапул 50%, ыктыярдуу жана милдеттүү түрдө патенттөөнүн негизиндеги салык – 100%.